Эл аралык мамилелер факультетинин окумуштуулар кеңешинин
кезектеги жыйынынын
**ПРОТОКОЛУ**

**7-июль, 2022-жыл №5, Ош шаары**

Төрайымы: С.С.Ибраимова
Катчысы: Г.М.Даниярова

Катышкандар: окумуштуулар кеңешинин15 мүчөсүнөн 12 мүчөсү катышты.

1. Ибраимова С.С.
2. Нурдинова К.Х.
3. Джаныбекова В.Б.
4. Курбанбаев К.А.
5. Азимова Ж.Ч.
6. Эркебаев Э.М.
7. Токоева Г.А.
8. Раджапова Н.
9. Ташыбаева А.К.
10. Бердибек уулу Ч.
11. Сулайманова Г.Б.
12. Даниярова Г.М.

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1. 2022-2023- окуу жылына карата факультетте даярдалып жаткан программалардын НББПларын талкуулап, бекитүү**
Программа жетекчилери: К.Х. Нурдинова жана В.Б.Джаныбекова
**2. 2021-2022-окуу жылынын 2-жарым жылдыгындагы окуу иштеринин жыйынтыгы**
Окуу иштери боюнча декандын орун басары: А.К. Ташыбаева
**3. Факультетте кош дипломдуулук боюнча аткарылган иштер тууралуу маалымат.**
Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С.Ибраимова
**4. Ар түрдүү маселелер**

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С.Ибраимова:** Саламатсыздарбы, урматтуу коллегалар! Бүгүнкү ОКнын 15 мүчөсүнөн 12 мүчөсү катышып жатат, кворум бар. Ошондуктан ОК ачык деп жарыялайм. ОКнын күн тартибин бекитүү боюнча сунуштар барбы?

Анда күн тартибиндеги маселелерди бекитип койсок: «каршы», «калыс» жок бир добуштан “макул”.

Регламент бекитип алсак: баяндамачыларга –3-5мин.,
жарыш сөзгө –3мин .
суроо - 1 мин.

«каршы»- жок, «калыс» -жок, “макул” – бир добуштан, “бекитилсин”

**1-маселе. 2022-2023- окуу жылына карата факультетте даярдалып жаткан программалардын НББПларын талкуулап, бекитүү**

Программа жетекчилери

**Угулду: Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С.Ибраимова:** Урматтуу кесиптештер! Эл аралык мамилелер кафедрасынан 530800- "Эл аралык мамилелер" (бакалавр даражасы) жана 530800- "Эл аралык мамилелер" (магистр даражасы) багыттарынын негизги билим берүү программаларын 2022-2023-окуу жылына карата талкуулап, кафедрада бекитип, окумуштуулар кеңешинде бекитип берүүгө көчүрмө келген.

Программа жетекчилери НББП боюнча кыскача баяндама жасашты.

**2-маселе. 2021-2022-окуу жылынын 2-жарым жылдыгындагы окуу иштеринин жыйынтыгы**

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ: декандын окуу иштери боюнча орун басары А.К. Ташыбаева:** 2021-2022- окуу жылынын 2-жарым жылдыгында факультетте жүргүзүлгөн иш чараларды ар бир ай боюнча, конкреттүү презентация менен чагылдырып берди (отчет тиркелет).

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** Урматтуу ОКнын мүчөлөрү, күн тартибиндеги 2-маселени карап чыгып, 2021-2022-окуу жылынын 2-жарым жылдыгындагы окуу иштеринин жыйынтыгы менен алдыдагы милдеттери боюнча отчетторду талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде токтомду бекитип койсок. «Каршы»- жок, «калыс» -жок, "макул" – бир добуштан.

**3. Факультетте кош дипломдуулук боюнча аткарылган иштер тууралуу маалымат.**

Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С.Ибраимова

**Окумуштуулар кеңешинин төрайымы С.С. Ибраимова:** 2021-2022-окуу жылында Биргелешкен билим берүү программасын Томск мамлекеттик университети менен «530800 Эл аралык мамилелер» багытында магистратурада ишке ашырып баштадык. Биринчи жылы ТМУда, экинчи жылы ОшМУда окуйт. 2 университеттин ортосунда биргелешкен окуу планы түзүлүп, бекитилген. МГУ менен да «Дипломатия в архитектуре Евразийской интеграции» 530800 багыты боюнча иш жүрүп жатат. Азыркы учурда биздин 1 магистрантыбыз 1-курсту ТМУда ийгиликтүү аяктап келди, эми окуусун ОшМУда улантат.

Бул маселе боюнча кандай сунуштар бар? Сунуштар болбосо кийинки маселеге өтсөк.

**4-маселе: Ар түрдүү маселелер.**

Эл аралык мамилелер факультетинин эл аралык мамилелер кафедрасынын улук окутуучулук ваканттык кызматына шайлоо өткөрүү.

**Угулду: факультеттин деканы саясий.и.к., доцент С.С.Ибраимова:**

Урматтуу кесиптештер! Биздин кесиптешибиз Ташыбаева Алина Курманбаевнадан

эл аралык мамилелер кафедрасынын улук окутуучулук ваканттык кызмат ордуна шайлоо өткөрүү боюнча сунуш келип түшкөн. А.К.Ташыбаеванын илимий, окуу-усулдук иштериндеги жетишкендиктерин, кафедранын коомдук иштерине активдүү катышкандыктарын эске алып, улук окутуучулук наамды алууга татыктуу деп эсептеп, сиздерге сунуштап жатам. Бул маселеге карата сунуш, пикириңиздерди билдирип койсоңуздар. Кимде кандай сунуш бар?

**ЧЫГЫП СҮЙЛӨДҮ: доцент Э.М.Эркебаев:** А.К.Ташыбаева улук окутуучулук милдетти аткарып жүргөн мезгилдеги аткарган иштеринин жыйынтыктарын карап, коллектив жана студенттердин арасындагы кадыр-баркы жогору экендигине баа берип, улук окутуучулук наамга сунуштоону мен толугу менен колдоймун.

Эл аралык мамилелер кафедрасынын улук окутуучулук ваканттык кызматына Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү тарабынан талкууга алынып, бир добуштан колдошту.

**Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып, факультеттин Окумуштуулар кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1.1. **530800- "Эл аралык мамилелер" (магистр даражасы) жана "Эл аралык мамилелер" (бакалавр даражасы)** багыттарынын негизги билим берүү программаларын 2022-2023-окуу жылына бекитилсин;

2.1. Декандын окуу иштери боюнча орун басарынын **отчеттору канаттандыраарлык** деп табылсын;

3.1. Факультетте **кош дипломдуулук боюнча** аткарылган иштер күчөтүлсүн.

4.1. Эл аралык мамилелер факультетинин эл аралык мамилелер кафедрасынын улук окутуучулук ваканттык кызматына **А.К.Ташыбаева** шайлансын.

4.1.2. Факультеттин чечими колдоо таап, ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде бекитилсин.

**Төрайым:** **С.С. Ибраимова**

**Катчы:** **Г.М. Даниярова**

ДЕКАНАТ